*И. Арабаев атындагы КМУнун М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун (КЖжККДИ) 1997-жылы 28-мартта негизделген. Институттун курамына 2 кафедра кирген.* Аталган институт: башталгыч класстын мугалими, мектепке чейинки билим берүү, география, биология багыттары боюнча жалпы билим берүүчү окуу жайларда педагогикалык кадрлардын жетишсиздигинен улам педагогикалык кадрларды кайра даярдоонун алкагында түзүлгөн.

*М. Р. Рахимова атындагы ККББИ – билим берүү жаатында республиканын алкагынан тышкары да ийгиликтерге жетишкен, өзүнүн калыптанып калган салттарына ээ И. Арабаев атындагы КМУнун алдыңкы институттарынын бири.*

*Биздин институт педагогика илимдеринин доктору, профессор Магрифа Рахимовна Рахимованын аракеттеринин натыйжасында түзүлгөн. Мындай кадам билим берүү жаатында түзүлгөн кризистен чыгууга жардам берүү үчүн жасалган эле. М. Рахимова институттун негиздөөчүсү гана болбостон, педагогика боюнча көптөгөн эмгектердин автору. Кыргызстандагы билим жана илимди өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы үчүн КЖжККДИге анын ысымы ыйгарылган.*

Педагогика жана гуманитардык билимдер кафедрасы заманбап экономикалык шарттарга жана социалдык муктаждыктарга жооп берүүчү жаңы адистиктер боюнча жогорку билим берүү системасында кадрларды кайра даярдоону камсыздайт. Кафедранын окутуучулары заманбап педагогикалык технологияларды колдонушат.

Окуу процесси орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Окутуу мөөнөтү: орто-кесиптик билим берүү – 3 жыл; жогорку билим берүү – 2 жыл.

Окуу-усулдук, илимий-усулдук жана тарбиялык иш чаралар институтта байма-бай өткөрүлүп турат. Профессордук-окутуучулар курамына И. Арабаев атындагы КМУнун, ошону менен бирге эле башка билим берүү мекемелеринен да эң мыкты адистер тартылган. Лекциялар жана практикалык сабактар белгилүү окумуштуулар жана окутуучулар тарабынан өткөрүлөт.

Окутуучулар курамынын 57%ын илимдин кандидаттары жана доценттер түзөт. Алардын басымдуу көпчүлүгү монографиялардын, окуу китептердин, окуу-усулдук колдонмолордун авторлору.

Кафедранын сандык жана сапаттык курамы:

*Илимдин доктору, профессорлор – 4*

*Илимдин кандидаты, профессорлор – -*

*Илимдин кандидаты, доценттер – 11*

*Илимдин кандидаты, доценттин м.а. – 4*

*Ага окутуучулар – 10*

*Окутуучулар – 4*

*Бардыгы - 33*